окуу процессине инновациялык методдорду киргизүү зарыл. Мындан тышкары, ар кандай адистиктер боюнча өз алдынча иштин өзгөчөлүктөрүн изилдөө келечектеги изилдөөлөрдүн маанилүү багыттарынын бири болуп эсептелет.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин өз алдынча ишин натыйжалуу уюштуруу билим берүү сапатын жогорулатууга, студенттин кесиптик жана инсандык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Билим берүү системасынын мындан аркы өнүгүүсү студенттин өз алдынча билим алуусуна багытталган жаңы педагогикалык технологияларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү менен байланыштуу болору шексиз.

Колдонулган адабияттар:

1. Бабанский Ю.К. Оптимизация процесса обучения. – М.: Педагогика, 1982. – 256 б.
2. Лернер И.Я., Скаткин М.Н. Дидактика средней школы. – М.: Просвещение, 1982. – 320 б.
3. Хуторской А.В. Компетентностный подход в образовании. – М.: Эйдос, 2003. – 320 б.
4. Андреев А.А. Дистанционное обучение. – М.: МЭСИ, 2013. – 210 б.
5. Кыргызстандын жогорку билим берүү системасында окутуунун заманбап ыкмалары. – Бишкек, 2018. – 180 б.
6. Зимняя И.А. Педагогическая психология. – М.: Логос, 2004. – 384 б.
7. Подласый И.П. Педагогика. – М.: Владос, 2010. – 576 б.
8. Полат Е.С. Современные педагогические и информационные технологии. – М.: Академия, 2012. – 368 б.
9. Селевко Г.К. Современные образовательные технологии. – М., 1998. – 256 б.
10. Панкова Т.В., Байбекова А. Университеттин студенттеринин өз алдынча иштөөсүн башкаруунун педагогикалык каражаттары, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин «Жарчысы», Бишкек, 2025, №1/1, 478-б.

УДК 37.015 **DOI: https://doi.org/10.56122/..v2i2.530**

РУХАНИЙ КООПСУЗДУК – УЛУТТУК ТУРУКТУУЛУКТУН НЕГИЗИ КАТАРЫ: БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ТАРБИЯ СИСТЕМАСЫНДАГЫ РОЛУ

Шамишиева Гүлкайыр
ORCID 0009-0003-4325-7180
Касымалиева Жазгүл
ОшМПУ

ДУХОВНАЯ БЕЗОПАСНОСТЬ КАК ОСНОВА НАЦИОНАЛЬНОЙ СТАБИЛЬНОСТИ: ЕЕ РОЛЬ В СИСТЕМЕ ОБРАЗОВАНИЯ И ВОСПИТАНИЯ

Шамишиева Гүлкайыр
ORCID 0009-0003-4325-7180
Касымалиева Жазгүл
ОшГПУ

SPIRITUAL SECURITY AS THE FOUNDATION OF NATIONAL STABILITY: ITS ROLE IN THE EDUCATION AND UPBRINGING SYSTEM

Shamishieva Gulkayyr
ORCID 0009-0003-4325-7180
Kasymalieva Zhazgul

Аннотация

Бул макалада глобалдашуу жана маалыматташуу шартында жаш муундардын руханий баалуулуктарынын өзгөрүүсү жана анын коомго тийгизген таасири каралат. Руханий чөйрө улуттук коопсуздуктун маанилүү компоненти катары талданып, интернет жана социалдык тармактардын жаштардын аң-сезимине тийгизген таасири изилденет. Ошондой эле этнопедагогикалык тарбиянын ролу жаш муундардын руханий туруктуулугун камсыздоонун негизги механизми катары негизделет. Макалада улуттук баалуулуктарды сактоо жана муундан муунга өткөрүү маселелерине өзгөчө көңүл бурулат.

Ачкыч сөздөр: *руханий коопсуздук, жаштар, баалуулуктар, интернет, этнопедагогика, тарбия, улуттук маданият*

Аннотация

В статье рассматриваются изменения духовных ценностей молодежи в условиях глобализации и информатизации, а также их влияние на общество. Духовная сфера анализируется как важный компонент национальной безопасности. Особое внимание уделяется влиянию интернета и социальных сетей на сознание молодежи. Обосновывается роль этнопедагогики как ключевого механизма формирования устойчивых духовных ценностей. Подчеркивается необходимость сохранения и передачи национальных духовных ценностей от поколения к поколению.

Ключевые слова: *духовная безопасность, молодежь, ценности, интернет, этнопедагогика, воспитание, национальная культура*

Abstract

This article examines the transformation of spiritual values among youth in the context of globalization and digitalization, as well as its impact on society. The spiritual sphere is analyzed as a crucial component of national security. Special attention is given to the influence of the internet and social networks on the consciousness of young people. The role of ethnopedagogy is substantiated as a key mechanism for preserving and developing spiritual stability. The importance of transmitting national values across generations is emphasized.

Keywords: *spiritual security, youth, values, internet, ethnopedagogy, education, national culture*

Бүгүнкү күндө дүйнөдө жүрүп жаткан олуттуу жана тездик менен өзгөрүп жаткан процесстер коомду кайрадан жалпы улуттук баалуулуктарга кайрылууга мажбурлап жатат. Бул баалуулуктарга болгон кызыгуунун жылдан-жылга өсүп жатышы да жөн жерден эмес. Мындай көрүнүш бир жагынан ааламдашуу, маалыматташуу, урбанизация сыяктуу заманбап процесстердин таасири менен шартталса, экинчи жагынан жаштарга карата жүргүзүлүп келген саясаттын натыйжалары менен да байланыштуу. Азыркы мезгилде жаштар арасында баалуулуктардын өзгөрүшү, айрым учурда төмөндөшү байкалууда. Белгилүү болгондой, жаш муун – бул өлкөнүн негизги потенциалы, демек, келечек дал ушул муундун кандай калыптанышына жараша болот. Акыркы жылдары жаштардын жана жалпы коомдун турмуштук багыттары социалдык баалуулуктардан материалдык кызыкчылыктарга ооп баратканы байкалат. Ушуга байланыштуу, коом өзүнүн өнүгүү багытын жаш муундун абалы аркылуу аңдай алат. Ошондуктан жаштардын баалуулук артыкчылыктарынын тез өзгөрүп жаткан шартында бул маселени изилдөө өзгөчө актуалдуулукка ээ болуп саналат.

Тарбиялоо – бул коомдун муктаждыктарына жана мүдөөсүнө ылайык адамдын адеп-ахлактык сапаттарын калыптандырууга багытталган максаттуу жана пландуу процесс болуп саналат. Ал инсанды коомго ылайыкташтырып, анын жүрүм-турумун, көз карашын жана жашоого болгон мамилесин калыптандырууда негизги ролду ойнойт. Тарбиянын сапаты адамдын келечегине гана эмес, жалпы коомдун өнүгүүсүнө да түздөн-түз таасир

этет. Ошондуктан туура тарбия берүү – келечектеги тынч жана бактылуу жашоонун кепилдиги, ал эми туура эмес тарбиялоо коом үчүн олуттуу терс кесепеттерди алып келиши мүмкүн. Бул тууралуу А.С. Макаренко өз эмгегинде: «Туура тарбиялоо – бул биздин бактылуу карылыгыбыз, жаман тарбиялоо – бул биздин келечектеги кайгыбыз, көз жашыбыз, башка адамдар алдындагы бүт өлкө алдындагы күнөөбүз» деп белгилеген [5].

Бүгүнкү күндө өлкөбүздүн өнүгүүсүн камсыз кылуу жана аны мындан ары өркүндөтүү багытында кабыл алынып жаткан стратегиялык аракеттердин негизги максаты элдин кызыкчылыгын коргоого, тынч жана жыргал жашоо үчүн зарыл болгон шарттарды түзүүгө багытталганы менен өзгөчө маанеге ээ. Бул контекстте таалим-тарбия, билим берүү жана руханий маданияттуулукка тарбиялоо маселеси ар дайым стратегиялык деңгээлде мамлекеттин көңүл чордонунда турушу зарыл. Анткени тарбия – бул адамзаттын, улуттун жана коомдун тарыхый топтолгон социалдык тажрыйбасын, маданий жана руханий-адептик салттарын кийинки муундарга жеткирүүнүн негизги каражаты болуп эсептелет. Ошондуктан инсанды калыптандырууда тарбиянын орду өзгөчө экендигин баса белгилеп, А. Авлани: «Инсан кымбат баалуу таш, эгерде жакшы тарбия алса, бузук кулк-мүнөздөрдөн сактанып, кооз ахлактарга көнүгүп чоңойсо, ар кимге жага турган бактылуу бир инсан болуп өсөт» деп белгилеген [4].

Асаналиева М., өзүнүн илимий макаласында «Замандын талабына жараша билим берүү жана тарбиялоо процессин жүргүзүү менен коомго чыныгы инсанды тарбиялай албайбыз. Анткени акыл-эстүү тирүү адамзатынын руханий маданияттуулугу жакыр болсо, биздин коомдо эс тутумун компьютер башкарган робот сыяктуу инсандар тарбияланып калары толугу менен мүмкүн», - деп жазат.

Чындыгында асыл ойго, бийик идеяга таянып, максаттуу жашаган өмүр ар дайым мазмундуу жана баалуу болуп эсептелет. Ошондой эле өз алдынча улуу максаттарды көздөгөн улут тарыхтын алтын баракчарында өчпөс из калтырары шексиз. Анткени мындай багыттагы коом гана туруктуу өнүгүүгө жетише алат. Мамлекет болсо өз жарандарынын билимдүү, тарбиялуу жана руханий жактан жетилген инсандар болуп калыптанышына кам көрүүгө милдеттүү болуп саналат. «Руханиятсыз адам коому – бул макулуктардын коому» деп И.П. Подласый өз эмгегинде белгилеп өткөн. [6] Бул ой адамзат коомунун өнүгүүсүндө руханий баалуулуктардын орду өзгөчө экенин дагы бир жолу баса көрсөтөт. Азыркы XXI кылымда биз баштан өткөрүп жаткан көптөгөн окуялардын маңызын жана багытын карасак, буга окшогон ойлорду мындан кылымдар мурда эле көрөгөч даанышмандарыбыз терең түшүнүп, өз чыгармаларында чагылдырып кеткенин байкоого болот.

“Руханият - инсандын таанымына таасир көрсөтүүчү, анын көз крашын, ойлоо таризин, белгилүү бир багытка салуучу теңдешсиз күч” - деп баса белгилейт И.И.Александрович [1].

Ал эми руханий чөйрө – бул коомдогу адамдардын ой жүгүртүүсү, баалуулуктары, ишенимдери жана максаттары менен байланышкан өзгөчө маанилүү тармак. Ал жөн гана идеялардын жыйындысы эмес, тескерисинче, адамдардын бири-бири менен болгон руханий мамилелеринин, дүйнө таанымдарынын жана маданий түшүнүктөрүнүн бирдиктүү системасы болуп саналат. Ошондуктан руханий чөйрө улуттук коопсуздукту камсыздоонун маанилүү обьекттеринин бири болуп эсептелет [7].

Эгер жөнөкөй мисал менен түшүндүрсөк, мамлекетти чоң бир үй катары элестетсек болот. Бул үйдүн дубалдары – экономикасы, армиясы, мыйзамдары. Бирок ошол үйдүн ичиндеги аба, атмосферасы – бул руханий чөйрө. Эгер үйдүн ичиндеги аба таза болбосо, дубалдары канчалык бекем болбосун, анда жашоо кыйын болот. Дал ошондой эле, эгер коомдун руханий баалуулуктары алсыз болсо, улуттук коопсуздук да толук кандуу камсыздалбайт.

Руханий чөйрөдө улуттук коопсуздукту камсыз кылуунун негизги максаттарынын бири – Кыргызстандын бирдиктүү руханий мейкиндигин сактоо. Бул деген өлкөдөгү бардык жарандар жалпы баалуулуктарды, тарыхты жана маданиятты урматтап, бир багытта өнүгүүсүн билдирет. Муну чоң бир оркестрге салыштырсак болот: ар бир аспап өзүнчө үн

чыгарат, бирок баары бир гармонияда ойносо гана кооз музыка жаралат. Эгер кимдир бирөө өз алдынча, башкача ойной баштаса, гармония бузулат. Ошол сыяктуу эле коомдо да биримдик маанилүү.

Дагы бир маанилүү максат – улуттук патриоттук өздүк аң-сезимди калыптандыруу. Бул адамдардын өз өлкөсүнө болгон сыймыгын, жоопкерчилигин жана атуулдук сезимин өнүктүрүү дегенди билдирет. Муну даракка салыштырсак болот: патриоттук аң-сезим – бул тамыр. Тамыры терең болгон дарак кандай шамал болбосун кулабайт. Ал эми тамыры алсыз болсо, кичине эле шамал аны жыгып кетет. Демек, жарандардын ички ишеними жана өлкөгө болгон берилгендиги мамлекеттин туруктуулугун камсыз кылат. Руханий чөйрө – бул улуттук коопсуздуктун көрүнбөгөн, бирок эң негизги тиреги. Ал адамдардын аң-сезиминде, баалуулуктарында жана ишенимдеринде жашайт. Ошондуктан аны сактоо жана өнүктүрүү ар бир жарандын жана мамлекеттин негизги милдеттеринин бири болуп саналат.

Ошондой эле улуттук маданияттарды өнүктүрүү да өтө маанилүү. Маданият – бул элдин жүзү, анын өзгөчөлүгүн дүйнөгө тааныткан баалуулук. Ар кандай салт-санаалар, искусство, адабият – мунун баары руханий коопсуздуктун бөлүгү болуп эсептелет. Эгер маданият өнүксө, коом да руханий жактан байып, туруктуу болот.

Бүгүнкү күндө коомубуздун руханий маданияты белгилүү деңгээлде алсырап, кээ бир учурларда жакырчылык абалга кептелип калганын байкоого болот. Бул көрүнүш жөн эле сырттан байкалган маселе эмес, ал адамдардын ой жүгүртүүсүндө, баалуулуктарында жана күнүмдүк жүрүм-турумунда да чагылат. Руханий маданият төмөндөсө, коомдун жалпы өнүгүүсү да жайлап, адамдардын ортосундагы ишеним жана түшүнүшүү начарлай баштайт.

Тарыхка көз чаптырсак, кайсы гана мамлекет болбосун башка элди өзүнө көз каранды кылууну кааласа, биринчи кезекте анын аскердик же экономикалык күчүнө эмес, руханий негиздерине сокку урган. Башкача айтканда, элдин билим деңгээлин төмөндөтүүгө, психологиялык абалын алсыратууга, руханий баалуулуктарын бузууга аракет кылган. Муну бир даректын мисалы менен түшүндүрсөк болот: даракты куулатыш үчүн анын бутагын эмес, тамырын бузуу жетиштүү. Эгер тамыры жабыркаса, ал акырындап өзү эле кулап түшөт. Дал ошондой эле, элдин руханий негизи алсыратылса, ал коомду башкаруу да жеңил болуп калат.

Ошондуктан кооптуу кырдаалдарды өз убагында байкап, алдын алуу абдан маанилүү. Руханий коопсуздукту камсыздоо – бул жөн гана теориялык түшүнүк эмес, ал практикалык жактан чоң мааниге ээ болгон иш-аракет. Анткени ал инсандын ички дүйнөсүн, коомдун биримдигин жана мамлекеттин туруктуулугун сактоого түздөн-түз таасир этет.

Эгер муну дагы бир мисал менен карасак, руханий коопсуздукту адамдын иммунитетине салыштырууга болот. Кандай гана күчтүү организм болбосун, эгер анын иммунитети алсыз болсо, ал ар кандай ооруларга бат чалдыгат. Ал эми иммунитет күчтүү болсо, сырткы таасирлерге туруштук бере алат. Коом да ошондой: руханий жактан бекем болсо, ар кандай идеологиялык же маданий басымдарга каршы тура алат.

Демек, руханий дөөлөттөрдү сактоо – бул ар бир инсандын гана эмес, жалпы коомдун жана мамлекеттин маанилүү милдети. Бул аркылуу биз өзүбүздүн улуттук өзгөчөлүгүбүздү, маданиятыбызды жана келечегибизди коргой алабыз.

Бирок, азыркы учурда интернет мейкиндигинде социалдык тармактардын ар түрдүү формалары кеңири жайылып, алардын коомдун руханий абалына тийгизген таасири олуттуу маселеге айланып калды. Айрыкча, бул платформалар айрым учурларда адамдын аң-сезимине, баалуулук системасына жана дүйнө таанымына терс таасир этүүчү “инструмент” катары иштеп жаткандыгын белгилөөгө болот. Башкача айтканда, маалымат агымынын чексиздиги жана көзөмөлдүн жетишсиздиги шартында руханий маданияттын бузулуу коркунучу күчөп жатат.

Өзгөчө тынчсыздандырган жагдай – бул процесстин жаш муунга тийгизген таасири. Өспүрүм курак – инсандык калыптануунун эң маанилүү этабы болуп саналат. Дал ушул

мезгилде баланын дүйнө таанымы, баалуулуктары жана жүрүм-турум моделдери активдүү түрдө калыптанат. Бирок бүгүнкү күндө бул мейкиндикти интернет, анын ичинде социалдык тармактар ээлеп, баланын эс-тутумунда жана аң-сезиминде “боштук” жаратууда. Бул боштук көбүнчө сапатсыз же терс мазмундагы маалыматтар менен толукталып, натыйжада жаштардын руханий өнүгүүсүнө тоскоолдук жаралышы мүмкүн.

Муну илимий жактан түшүндүрсөк, адамдын аң-сезимин маалыматты иштетүүчү система катары кароого болот. Бул системага кирген ар бир маалымат белгилүү бир “из” калтырып, акырындап инсандык сапаттарды түзөт. Эгер система негизинен терс же үстүртөн маалымат менен толукталса, анда натыйжада калыптанган дүйнө тааным да ошол маалыматтын мүнөзүнө жараша болот. Демек, маалыматтык чөйрөнүн сапаты түздөн-түз руханий коопсуздукка таасир этет.

Ушуга байланыштуу, жаш муундарды этнопедагогикалык багытта тарбиялоонун ролу өзгөчө мааниге ээ болуп жатат. Этнопедагогика – бул элдин тарыхый тажрыйбасына, салт-санаасына, маданиятына негизделген тарбия системасы. Ал жаштарды улуттук баалуулуктарга, адеп-ахлактык нормаларга жана коомдук жоопкерчиликке тарбиялоого багытталган. Мындай тарбия маалыматтык агымдын терс таасирлерине каршы туруучу “ички фильтр” катары кызмат кыла алат.

Аналогия катары карасак, интернет – бул чексиз чоң “маалымат океаны”, ал эми өспүрүм – сүзүүнү жаңы үйрөнүп жаткан адам. Эгер ага багыт берүүчү компас (баалуулуктар) жана куткаруучу каражат (тарбия) берилбесе, ал агымга агып кетиши мүмкүн. Этнопедагогикалык тарбия дал ошол компас менен коргоо механизминин ролун аткарат.

Демек, интернет жана социалдык тармактардын таасири шартында жаш муундардын руханий коопсуздугун камсыз кылуу үчүн улуттук негиздеги тарбияны күчөтүү зарыл. Бул багыт коомдун туруктуу өнүгүүсүнүн маанилүү фактору болуп саналат. [3]

Келечек жаштардын колунда деп көп айтылат, бирок ошол эле учурда азыркы шартта жаш муундардын аң-сезимине таасир этүү маселеси өзгөчө курч болуп турганын байкоого болот. Айрым учурларда интернет мейкиндиги мамлекеттин жана коомдун кызыкчылыктарына карата кайдыгерликти, менсинбестик мамилени калыптандыруунун куралына айланып бара жаткандай сезилет. Башкача айтканда, маалыматтык технологиялардын мүмкүнчүлүктөрүн айрым карөзгөй күчтөр жаштардын аң-сезимин багыттоо, алардын баалуулук системасына таасир этүү үчүн активдүү колдонуп жатышат.

Бул процессти тереңирээк түшүнүү үчүн аң-сезимди “бош талаа” эмес, тескерисинче, дайыма толтурулуп турган система катары кароого болот. Кайсы маалымат көбүрөөк жана үзгүлтүксүз берилсе, ошол маалымат акырындап үстөмдүк кылып, адамдын көз карашын жана мамилесин аныктай баштайт.

Бул боштукту толтуруу үчүн руханий азык катары кызмат кылган тармактардын ролу өзгөчө маанилүү. Адабият, көркөм өнөр, сүрөт, музыка сыяктуу маданий формалар адамдын ички дүйнөсүн байытып, анын эстетикалык жана адеп-ахлактык деңгээлин жогорулатат. Бул тармактар жөн гана чыгармачылык эмес, алар коомдун руханий эс тутуму катары иштеп, тарыхты, баалуулуктарды жана дүйнө таанымды сактап турат.

Ошондуктан бүгүнкү күндө жаштардын аң-сезимин туура багыттоо, аларды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга негиздеп тарбиялоо – коомдун жана мамлекеттин маанилүү милдеттеринин бири. Бул аркылуу биз өткөндөн мураска калган руханий байлыкты сактап, аны келечек муундарга толук кандуу жеткире алабыз. [2]

Жыйынтыктап айтканда, билим берүү тармагында дүйнөнүн алдыңкы алтын эрежелерин колдонуу канчалык маанилүү болбосун, улуттук руханий дөөлөттөрдү эске албай туруп толук кандуу жыйынтыкка жетүү мүмкүн эмес. Анткени билим берүү – бул жөн гана маалымат берүү процесси эмес, ал инсандын дүйнө таанымын, баалуулуктарын жана коомго болгон мамилесин калыптандыруучу негизги механизм болуп саналат. Эгер бул механизм улуттук мазмун менен толукталбаса, анда ал өзүнүн тамырынан ажыраган система сыяктуу болуп калат.

Демек, эгемендүү республикабыздын улут катары сакталып калышы жана туруктуу өнүгүшү үчүн тарбия, билим берүү жана руханий-патриоттук дөөлөттөрдү өз ара байланышкан бирдиктүү система катары кароо зарыл. Бул система жөн эле формалдуу түрдө эмес, практикалык деңгээлде ишке ашып, муундан муунга үзгүлтүксүз өткөрүлүп турушу керек. Анткени дал ушул үзгүлтүксүздүк улуттук өзгөчөлүктүн жана руханий мурастын сакталуусунун негизги шарты болуп эсептелет.

Ошондой эле тарбиячылардын ролу өзгөчө мааниге ээ. Алар жогорку моралдык нормаларга, идеалдарга умтулуп гана тим болбостон, ошол баалуулуктарды реалдуу турмушта ишке ашыруунун үлгүсүн көрсөтүүгө тийиш. Башкача айтканда, таалим-тарбия ишмердигинин негизги максаты – теориялык баалуулуктарды практикалык жашоого айландыруу болуп саналат.

Бул изилдөөнүн жыйынтыгында төмөнкүдөй тыянакка келдик. Бүгүнкү күндө жаш муундардын руханий коопсуздугун камсыз кылуу үчүн тарбиялоонун мазмунун гана эмес, анын ишке ашыруу механизмдерин да так аныктоо зарыл. Себеби тарбия – бул абстракттуу түшүнүк эмес, ал белгилүү методдор жана ыкмалар аркылуу ишке ашкан практикалык процесс болуп саналат.

Биринчи кезекте, **баалуулукка багытталган тарбиялоо методу** өзгөчө мааниге ээ. Бул методдун негизинде жаштарга даяр маалымат берүү эмес, тескерисинче, аларды өз алдынча ой жүгүртүүгө, жакшы менен жаманды айырмалоого үйрөтүү жатат. Мында мугалим же тарбиячы багыт берүүчү ролду аткарып, талкуу, анализ, салыштыруу сыяктуу ыкмаларды колдонот. Натыйжада, окуучу баалуулуктарды сырттан таңууланган нерсе катары эмес, ички ишеним катары кабыл алат.

Экинчи маанилүү ыкма – **үлгү аркылуу тарбиялоо (моделдөө методу)**. Бул методдун өзгөчөлүгү – сөздөн көрө аракет күчтүү таасир этет деген принципке негизделет. Мугалимдер, ата-энелер жана коомдогу лидерлер өз жүрүм-туруму менен үлгү көрсөтүүсү керек. Анткени өспүрүм аң-сезими көбүнчө байкоо жана кайталоо аркылуу калыптанат. Демек, жогорку моралдык жүрүм-турум реалдуу турмушта көрсөтүлгөндө гана тарбия натыйжалуу болот.

Үчүнчүдөн, **маалыматтык гигиена методу** азыркы шартта өзгөчө актуалдуу. Бул метод жаштарды интернеттеги маалыматтарды сын көз менен кабыл алууга үйрөтүүгө багытталган. Башкача айтканда, ар бир алынган маалыматты анализдөө, текшерүү жана баалоо көндүмдөрүн калыптандыруу зарыл. Мында медиасабаттуулук, критикалык ой жүгүртүү жана маалыматты фильтрлөө жөндөмдөрү негизги инструмент катары колдонулат.

Төртүнчү маанилүү багыт – **этнопедагогикалык интеграция методу**. Бул ыкмада улуттук салт-санаалар, фольклор, тарыхый мурастар тарбия процессине системалуу түрдө киргизилет. Мисалы, элдик каада-салттарды, макал-лакаптарды, эпосторду колдонуу аркылуу жаштардын аң-сезиминде улуттук баалуулуктар бекемделет. Бул метод жаштардын ички дүйнөсүндө “иденттүүлүк ядросун” түзөт.

Бешинчи метод – **иш-аракет аркылуу тарбиялоо (активдүү практикалык методу)**. Бул жерде жаштар коомдук иштерге, ыктыярчылыкка, маданий иш-чараларга активдүү катышуу аркылуу тарбияланат. Теориялык билим практика менен айкалышканда гана туруктуу натыйжа берет. Мисалы, патриоттук тарбия жөн гана сөз менен эмес, коомго пайдалуу иш-аракеттер аркылуу бекемделет.

Алтынчыдан, **рефлексиялык тарбиялоо методу** колдонулушу керек. Бул ыкмада окуучулар өзүнүн жүрүм-турумун, ойлорун жана аракеттерин талдоого үйрөнөт. Рефлексия инсандын ички аң-сезимин тереңдетип, өзүн-өзү тарбиялоонун механизмин ишке киргизет.
Жыйынтыктап айтканда, тарбиялоонун натыйжалуулугу анын мазмунуна гана эмес, колдонулган методдордун системалуулугуна жана үзгүлтүксүздүгүнө жараша болот. Жогоруда көрсөтүлгөн методдорду комплекстүү колдонуу аркылуу гана жаш муундардын руханий коопсуздугун камсыз кылууга жана улуттук баалуулуктарды сактоого жетишүүгө болот.

Колдонулган адабияттардын тизмеси:

1. Аркин Е.А. Родителям о воспитании / Е.А. Аркин. – М., 1957. – 136 с
2. Асаналиева Мээргүл Максуталиевна - XXI КЫЛЫМДАГЫ ТАРБИЯЛОО, БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА РУХАНИЙ КООПСУЗДУК https://elibrary.ru/download/elibrary_45598504_84620187.pdf
3. Карагозуева Г.Ж. Студенттердин этномаданияттык компетенттүүлүгүн өнүктүрүү / Г.Ж. Карагозуева // Alatoo Academic Studies. – Бишкек, 2020. – № 4. – С. 85-90.
4. Кочкаров В. Руханият негиздери / В.Кочкаров, О.Махмудова, З.Заманов. – Т., 2017. – 228 б.
5. Макаренко А.С. О воспитании молодежи / А.С. Макаренко – М., 1951. – 122 с.
6. Подласый И.П. Педагогика / И.П. Подласый – М., 2016. – 142 с [3, 142-б].
7. Шарипова Э.К., Ысмаилова Р.А., Салимов Р. Ош мамлекеттик университети, Ош шаары. КЫРГЫЗСТАН ЖАРАНДАРЫНЫН РУХАНИЙ КООПСУЗДУГУ https://elibrary.ru/download/elibrary_60034242_98708779.pdf

Социалдык-экономикалык билим берүү

УДК:39(=512.154)

ПАМИРЛИК КЫРГЫЗДАРДЫН ЖӨРӨЛГӨЛҮҮ УБАКЫТ ТААНУУ СИСТЕМАСЫНЫН ЭКОЛОГИЯЛЫК МАДАНИЯТТЫК ЧЕЧМЕЛЕНИШИ

Сайпидин Ысак,доцент
Түндүк батыш педагокикалык университети
Ланжов шаары., Кытай
e-mail: caifuding1986621@163.com

Алияр Алмаматов,бакалавр
Түндүк батыш педагокикалык университети
Ланжов шаары., Кытай
e-mail:aliyaralmamatov@gmail.com

ЭКОЛОГИКО-КУЛЬТУРНАЯ ИНТЕРПРЕТАЦИЯ ТРАДИЦИОННОЙ СИСТЕМЫ ВРЕМЕННОГО ВОСПРИЯТИЯ ПАМИРСКИХ КЫРГЫЗОВ

Сайпидин Ысак, доцент
Северо-Западный педагогический университет
г. Ланьчжоу, Китай
e-mail: caifuding1986621@163.com

Алияр Алмаматов, бакалавр
Северо-Западный педагогический университет
г. Ланьчжоу, Китай
e-mail: aliyaramamatov@gmail.com

AN ECOLOGICAL-CULTURAL INTERPRETATION OF THE RITUALIZED TIME COGNITION SYSTEM AMONG THE PAMIR KYRGYZ

Saipidin Ysak, Associate Professor
Northwest Normal University